Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазды баштаганда эки колун эки ийинининин тушуна чейин көтөрчү

Ибн Умар (Аллах алардан ырааазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазды баштаганда эки колун эки ийинининин тушуна чейин көтөрчү. Рүкү кылуу үчүн такбир айтканда, рүкүдөн башын өйдө кылганда эки колун ошондой көтөрчү. Анан: "Самиъа Аллаху лиман хамидах, роббанаа лакал хамду" деп айтчу. Саждада мындай кылчу эмес.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазда үч учурда колун ийин тушуна чейин: далы менен акырек сөөгүнүн тушуна чейин көтөргөн. Биринчи учур: намазды баштагандагы биринчи такбирде. Экинчиси: рүкүгө эңкейгендеги такбирде. Үчүнчүсү: рүкүдөн башын көтөргөндө. Ушул учурда: Самиъа Аллаху лиман хамидах, роббанаа ва лакал хамд деп айткан. Сажда кыларда да, саждадан өйдө болордо да колун көтөргөн эмес.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3095